Жалпы тарых жана ТОУ кафедрасынын доценти, т.и.к. Чыныкеева Г.Э.  ОшМУ нун гранттары аркылуу аткарылып жаткан "Кыргызстандын Баткен, Жалал-Абад жана Ош облустарындагы этностук жамааттар арасындагы этнодемографиялык процесстерди изилдөө жана прогноз (божомол) жүргүзүү" деген темадагы долбоордун алкагында 2025-жылдын 24-октябрь 26-октябрь күндөрү Ош облусунун Алай районундагы Сары-Могол айылына илимий экспедицияга барып, алгылыктуу илимий иштерди жүргүзүп келишти.










**Эки тараптуу кызматташтык жана "Дуалдык окутуу"  программасы боюнча тажрыйба алмашуу!**

Ош мамлекеттик университетинин институттарынын, факультеттеринин жана колледждеринин практика жетекчилери, Практика жана карьера борборунун улук инспектору (пед практика боюнча жооптуу) Султанов Жанарбек Маматкуловичтин жетекчилиги менен  2025-жылдын 3–4-октябрь күндөрү Өзбекстан Республикасынын Андижан мамлекеттик университетине жана Андижан педагогикалык институтуна иш сапары менен барышты.

Иш сапардын алкагында “Дуалдык окутуу” боюнча тажрыйба алмашуу  иш-чаралары болуп өттү. Программанын жүрүшүн жеринен байкап, жумушчу топ менен, студенттер менен жандуу баарлашуу жүрдү.

**ОшМУнун тарыхчылары Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинен уткан долбоорго ылайык Кыргызстандын аймагынан тышкары жашаган этникалык кыргыздарды изилдөөдө.**

Долбоордун алкагында 2025-жылдын 10-октябрдан 13-октябрга чейин аталган долбоордун жетекчиси т.и.к., профессор Т.Д.Кадыров, т.и.к., доцент С.А.Арстанов, т.и.к., доцент Т.М.Шаанов, т.и.к. Н.Кубанычбек уулу Өзбекстан Республикасынын Сыр-Дарыя облусунда жашаган кыргыздар боюнча изилдөө жүргүзүп келишти. Изилдөө иштеринин алкагында Сыр-Дарыя облусунун Сардоба, Мырза-Абат райондорунда, Гулистан, Жаңы-Жер шаарларында жашаган кыргыздардан сурамжылоо аркылуу тарыхый-этнографиялык маалыматтар топтолду. Изилдөөдө жалпы жашоочулар менен бирге Өзбекстан Республикасынын "Олий Мажилисинин" кыргыз аялдарынан шайланган жалгыз депутаты Надира Жанибекова, облустагы диаспора башчылары, ири ишкерлер ж.б. өкүлдөр да катышты. Изилдөө иши мындан ары да этап-этабы менен башка аймактарда, өлкөлөрдө уланмакчы. Долбоордо Өзбекстандагы, Тажикстандагы, Кытайдагы, Афганистандагы, Түркиядагы кыргыздарды изилдөө каралган.





2024-жылдын 10-августунан 20-август чейин Алтай Мамлекеттик Университети уюштуруп жаткан Алтай элдеринин мурастарын изилдөө максатында жүргүзүлүп жаткан "Большой Алтай: тюркское наследие - 2024" этнографиялык экспедициясы жүргүзүлүп жатат. Экспедицияга ОшМУнун тарых-юридика институтунун жалпы тарых жана тарыхты окутуу усулу кафедрасынан улук окутуучу Т.А. Айтбаев катышып изилдөөлөрдү жүргүзүп келет. Бул экспедициянын илилдөө аймактары катары Алтай Республикасынын Онгудай, Улаган, жана Кош - Агач райондору тандалып алынган.











Тарых-юридика институтунун жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасынын башчысы Жумашова Гүлзада Султановна 2025-жылдын 27-ноябрында Ташкент шаарында «SheSCIENCE 2025. Продвижение регионального развития через интеграцию научно-инновационных экосистем" деп аталган Борбордук Азиядагы окумуштуу-аялдардын эл аралык форумуна катышып келди. Форумда Борбордук Азия өлкөлөрүнүн окумуштуу айымдарынын илимий жетишкендиктеринин артыкчылыктуу багыттарын белгиленип, мындан ары тарыхый-маданий изилдөөлөрдү биргеликте изилдөө менен жыйынтыгы мамлекеттердин ортосундагы мамилени чыңдоого салым кошуу негизги максаты белгиленди.





Ош мамлекеттик университети жана Казакстан Республикасынын А.Х. Маргулан атындагы археология институту ортосундагы кызматташтыктын алкагында “ Гончарное дело Южного Казахстана и сопредельных территорий ( Кыргызстан, Узбекистан,Таджикистан)” аттуу 25 - июндан 2 - июль аралыгында уюштурулган этнографиялык экспедициясына Тарых жана юридика институтунун “Жалпы тарых жана ТОУ” кафедрасынын доценти, т.и.к Маразыков Н.К. катышып келди. Этнографиялык экспедиция Ош облусундагы ылайдан жасалган курулуштардын жана тандыр жасоонун архаикалык технологияларын изилдөөгө багытталган.






Ош мамлекеттик университетинин ички гранттынын илимий изилдөө долбоорунун алкагында “Кыргызстандын түштүк аймактарындагы (Ош, Баткен, Жалал-Абад) этнографиялык изилдөөлөр жүргүзүү долбоорун аткаруу мезгелинде аталган аймактарга эл аралык этнографиялык эспедициялар ”Алтайдан-Чоң-Алайга”, “Алтайдан-Чаткалга”, “Алтайдан-Алайкуга” жана этнографиялык экспедициялар Баткен, Лейлек, Ала-Бука, Аксы, Токтогул райондоруна жана Зардалы айылына уюштурулуп, кыргыздардын материалдык жана материалдык эмес маданиятын саттуу турак-жай, боз-үйү, кол өнөрчүлүгү, устачылыгы, токуучулугу, өрмөчүлүгү, санжырасы, каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымы, тамак-ашы, кошогу жана башка баалуу талаа материалдары чогултулуп, жыйналып илим айланпасына киргизилип, этнографиялык жыйнак жазылып басмага даярдалды. Этнографтар тарабынан жыйналып даярдалган этнографиялык жыйнак келечек муундар үчүн, бакалавр, магистратура жана этнографиялык илим багытында изилдеген окумуштуулар үчүн тарыхый илимий булак катары пайдаланышы мүмкүн.

23.10.2025 - жыл.

ОшМУнун тарых - юридика институнун тарых бөлүмүндө " 12 жылдык билим берүүгө кадамдар: Тарых предметинин мисалында" аталышындагы тегерек стол болуп өттү. Ага Ош жана Баткен облусунун тажрыйбалуу тарых мугалимдери катышышты.

Күн тартибинде : Өзгөрүүлөргө ыңгайлашуу жөндөмү, сергек ой жүгүртүү жана маанилүү маалыматтардын маанисинен ажыратуу жөндөмү, кызматташуу жана баарлашуу жөндөмү жана башка маселер каралды.





2026- жылдын 20-январь күнү, жалпы тарых жана ТОУ кафедрасынын башчысы, т.и.к., доцент Г.С.Жумашова, окутуучулар М.А.Маманов жана Ч.К.Апышова Араван райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу №40 жалпы билим берүү мектебине "Жусуп Абдрахманов -100 жыл" аттуу усулдук семинарга катышып, анын жүрүшүндө ачык сабактар уюштурулуп мыкты деңгээлде өтүлдү. Иш чаранын жыйынтыгында талкууланып, сабактарга усулдук жардамдар көрсөтүлдү. Уюштуруучу тараптын мыктылары мактоо баракчалары менен сыйланышты. ЖОЖ жана мектеп байланышы үзгүлтүксүз болуусу үчүн тынымсыз аракетте болобуз.





2026-жылдын 3-мартында тарых-юридика институтунда жалпы тарых жана тарыхты окутуунуну усулу кафедрасы Ош шаардык тарыхчылар биргеликте "12 жылдык билим берүүдө тарыхты окутуунун жаңы форматы: сынчыл ой жүгүртүү жана маалыматтык сабаттуулук" аттуу илимий-практикалык семинар-тренинг өткөрүлдү. 12 жылдык билим берүүгө өтүү тарыхты окутуунун усулдарын түп-тамырынан бери өзгөртүүнү талап кылат. Окуучулардын сынчыл ой жүгүртүүсүн жана маалыматтык

сабаттуулугун өнүктүрүү — заманбап билим берүүнүн башкы приоритети. Семинардын жыйынтыгы менен төмөнкү чечимдер кабыл алынды:

1. Сабактардын форматын өзгөртүү: Тарых сабактарында лекциялык методдон изилдөөчүлүк (проекттик) методго өтүү сунушталсын.

2. Булактар менен иштөө: Окуу процессине архивдик документтерди, аудио-визуалдык материалдарды жана биринчилик булактарды милдеттүү түрдө киргизүү.

3. Медиасабаттуулук: Сабактарда "тарыхый фейктерди анализдөө" боюнча атайын практикалык сааттарды уюштуруу.

4. Санариптештирүү: Тарых мугалимдеринин санариптик компетенттүүлүгүн арттыруу максатында виртуалдык музейлерди жана интерактивдүү платформаларды колдонууну жайылтуу.

5. Баалоо: Окуучунун билимин баалоодо даталарды жаттоосун эмес, окуяга берген аналитикалык баасын жана аргументтөө жөндөмүн эске алуу.





Ош мамлекеттик университетинин тарых-юридика институтунун жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасынын доценти Жумашова Гүлзада Султановна 2025-жылдын 13-март күнү Ош шаарындагы №25 Турсунбай Омурзаков атындагы орто мектебинде шаардагы кыргыз тилдүү тарыхчыларга “Кыргызстан тарыхын окутуунун негизги багыттары”, 15-март күнү шаарыбыздагы №51 Жусуп Баласагын атындагы орто мектебинде шаардагы өзбек тилдүү тарыхчыларга “Кыргызстан тарыхын окутуунун негизги маселелери” деген темаларда сабак-тренингдерди өтүп келди. Шаардык билим берүү башкармалыгы жана шаардык тарыхчылар менен кызматташтык мындан ары да тыгыз улантылат.





2025-жылдын 20-январында жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасынын доценти Жумашова Гүлзада Султановна Ош билим берүү иниститутуна квалификациясын жогорулатуу үчүн Ош облусунун райондорунун мектептеринен келишкен тарыхчы мугалимдерге “ЖРТга жана олимпиадага даярдоонун оптималдуу жолдору” деген темада конок лекция өттү. Сабак суроо жооп менен коштолуп, жогорудагы аталган багыт боюнча мындан ары да тыгыз байланышта болуп, кызматташтык уланат.






САБАК-ТРЕНИНГДЕР УЛАНУУДА. 2025-жылдын 18-апрель күнү Ош мамлекеттик университетинин тарых-юридика институтунун жалпы тарых жана тарыхты окутуунун усулу кафедрасынын доценти Жумашова Гүлзада Султановна жана Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын т.и.к окутуучусу Кубанычбек уулу Нурсултан Ош шаарындагы №20 И.Раззаков орто мектебинде шаардык тарыхчы мугалимдер үчүн ЖРТга даярдоо, тексттерди окуп түшүнүү боюнча сабак-тренинг өтүп келишти. Университет менен шаардык билим берүү башкармалыгы жана шаардык тарыхчылар менен кызматташуу пландуу түрдө иш алып баруу максат кылынды.




